**УДК 343.352:347**

**ЭСЕНАЛИЕВА Н.Э.**
*КНУ им. Ж. Баласагына, Бишкек*
**ESENALIEVA N.E.**
*J. Balasagun KNU, Bishkek*

# КОРРУПЦИЯНЫН КАМАГЫНДАГЫ КЕЛЕЧЕК!

## Будущее в плену у коррупции!

## The future is held captive by corruption!

*Макалада коррупцияны пайда кылуучу кырдаалдар, Кыргызстанда коррупциянын коом тарабынан кабыл алынышы, камтыган чөйрөсү тууралуу маалымат берилет.*

***Урунттуу свздвр.*** *Коррупция; жаран; мамлекеттик кызматкер; материалдык артыкчылык; жеке кызыкчылык; мыйзамга каршы иш-аракет; теңсиздик; көмүскө экономика.*

*В статье рассматривается ситуации порождения коррупционных действий, восприятие коррупции обществом, а также информация о среде ее охвата.*

***Ключевые слова.*** *коррупция, гражданин, государственный служащий; материальное преимущество; собственный интерес; противозаконное действие; неравенство; теневая экономика.*

*The article deals with the situations of corruption, the perception of corruption by the society, as well as information about the environment of its coverage*

***Keywords.*** *corruption, citizen, state employee, material advantage, self interest unlawful action, unequality, shadow economy.*

Коррупция...бул теманын тегерегинде сез кылуудан мурун, терминди чечмелеп алсак. Коррупция - бийликтик ыйгарым укуктарга ээ болгон бир же бир нече кызмат адамдарынын айрым адамдар же топтор менен материалдык, кандай болбосун башка жыргалчылыктарды жана артыкчылыктарды мыйзамсыз алуу, ошондой эле алар тарабынан бул жыргалчылыктарды жана артыкчылыктарды жеке жана юридикалык жактарга беруу, коомдун же мамлекеттин кызыкчылыктарына коркунуч тузуучу укукка каршы туруктуу байланыштарды тузууде атайылап жасалган жосун[1] - деп жазылат Кыргыз Республикасынын Коррупция женунде мыйзамынын 1-беренесинде.

Коррупция - кеп учурда конкреттуу укук бузуулар турунде чагылдырылган социалдык керунуш, ал паракордук же мамлекеттен жана жарандардан материалдык баалуулуктарды уурдоо гана эмес, ал финансылык жана материалдык ресурстардын ири коррупциялык жугуртуулерун камсыз кылуучу, мамлекеттин контролдугунан тышкары коомдогу экономикалык жана социалдык мамилелердин бутундей системасы [2]. Башкача айтканда, коорупция коомдун кейгейлуу оорусу, жана азыркы учурда айыкпас илдетке айкалышып баратканы баарына малым.

Коррупция качан пайда болду? - деген суроо жаралат. Тарых бетгерине кез жугуртсек, коррупция алгачкы коомдон бери келе жаткан керунуш экенин байкайбыз. Ошондо эле адамдар ез жол башчыларына жагынуу максатында, кошоматтанып белек тартуулап турушкан. Бара-бара бай-манаптар, хандар карапайым калктан алтын, кумуш, мал-жандык, ал тургай жаш, сулуу кыздарын тартууга ала баштаган. Ошентип, паракорчулук енугуп отуруп азыркы кунде бардык иш-аракеттин ачкычы болуп калды.

Кунумдук турмушубуздан эле ала турган болсок, наристе эненин курсагында кезинде эле «жакшы каралсын, аман-эсен» терелсун деп теретканадагы дарыгерлерге «ыраазычылык» ирээтинде колдоруна акча карматылат. Демек, баланын жарыкка келуучу биринчи кунунен баштап, емурун коррупция менен етууге даярдап жатабыз. Экинчиден,

мындай «ыраазычылык» бербесе, терет учурунда терей турган энеге дарыгерлер кенул бурбай коюп, саламаттыгынан, айрым учурларда наристесинен да ажырап калган учурларды угуп-керуп журебуз. Мындай керунуш баланын турмушундагы кийинки ар бир жацы кадамында байкалат. Мисалы: бала бакчага, андан кийин мектепке, андан кийин жогорку окуу жайга, ишке орноштурууда «ыраазычылык» беруу менен коштолот. Бул биздин каныбызга сиципп бара жаткандыгынан кабар берет.

2013-жылы «Азаттык» уналгысы мектеп окуучулары арасында «коррупция деген эмне? сурамжылоо жургузгенде, бир окуучу “Мен сабакка барбайм. Ал учун эжеге 10 сом берем. Эжей болсо мени келди деп белгилеп коёт» деп жооп берген. Демек, баланы коррупциянын баштапкы элементтерине жалпы билим беруучу жай езу уйретуп жатат. Бала есуп, чоцойгончо берилген акчанын келему да осе берет, ошентип коомдо «бардыгын акчага сатып алууга болот» деген тушунуктегу дагы бир коррупционер тарбияланып чыгат. Канга сицген мындай аракеттер елке ичинде гана ишке ашпастан, чет елкелук жарандар менен болгон мамилелерде да ийгиликтуу ишке ашып жаткандыгын жалпыга маалымдоо каражаттарынан окуп, угуп, керуп журебуз. Тактап айтканда, паракорчулук коомдун енугуу жолундагы тоскоолдук болуу менен, ар бир жарандын ац-сезиминде муктаждык шарт катары жашап калды. Анын негизинде, адилеттик принциби жокко чыгарылып, елкедегу кесипкей адистер чет елкелерге кетип жатышат. Келечекке болгон ишеним жоголуп, ар бир женекей жаран ез кунун езу керуп келууде.

Карапайым элдин ушул паракорчулуктун таасирин эрте тушунген уул-кыздары бешиктен бели чыга элек жатып, билим алганы менен мамлекеттик ишке таанышы же акчасы жок орношуусу мумкун эместигин сезип, мектепке барбай, базарда ар турдуу жумуштарды аткарып журушу да буга кубе. Экинчиден, балдардын мектепке барбай калуусуна мектептердеги акча чогултуулар болуп жатканы да талашсыз. Мектептеги чогултулган акчанын саны аз керунгену менен, ошол акчаны баланын санына кебейтсек ири сумма келип чыгат. Демек, муну да коррупциянын ете коркунучтуу туруне киргизууге болот. Себеби, ошол окуучунун мектепке акча бергендиги же бербегендигине жараша мамимле башталат. Анын негизинде окуучулардын психологиясына терс таасир этилип, келечекте психологиясы бузук инсан пайда болот.

Кыргызстанда коррупциянын кучеп кеткендигин чет елкелуктер да айтып келет.

Кыргызстанда коррупция менен олуттуу куреш кийин, 2013-жылы эле башталды-дейт ОБСЕ борборунуну башчысы элчи С.Капинсон. Бирок, коррупциянын жыйынтыктары менен курешпей, ошол коррупцияны жаратуучу себептер менен курешуу, анын алдын алуу туура болмок [3] дейт. Элчинин бул пикирине толугу менен кошулууга болот. Мындай пикирди даты башка изилдеечулер да баса белгилейт [4]. Бардык кыянат нерсенин жыйынтыгы менен курешпестен, аны пайда кылуучу себептерге каршы аракеттерди аткаруу туура деп эсептееге болот.

Экинчиден, элчи - мыйзамды аттап еткен атка минерлерге каршы чара керуу иштерин кайсы институт аткарат? Ошол ишти аткарууга багыт алган институттардын езунун коррупцияга каршы иммунитети канчалык децгээлде бекем? - деген суроону койгон. Чындыгында, коррупцияга каршы куреш жургузуу аракеттеринде «коррупционерликке шектенуучу» катары суракка алынган мамлекеттик кызматкер, дароо аны кармаган органдын кызматкерлерининн да коррупция жаатында бетин ачам деген коркутуу сыяктуу пикирлерин айтып, кандайдыр бир децгээлде бири-бирин террористтер катары кармап алганбы деген ой келет. Демек, кызматтагы адамдар ар турдуу иштерди аткарууда бири-бири менен бекем байланышта болуп, ар бир аракетти биргеликте аткарып журет дегенге болот. Анын башаты билимине, компетенциясына карабай езуне жакын, ишенген адамын кызматка алуудан башталат. Бул дагы коррупциянын башаты дегенге болот. Бирок, акыркы учурларда Кыргызстанда мамлекеттик кызматка кадрларды тандап алууда Японияныn модели пайдалан баштаган. Мында мамлекеттик кызмат орунга сынак жарыяланып, сынактан еткен, компетенциясы, билими туура келгендер ишке алынат делет. Бирок, бул сынактар таза айкын еткерулуп жаткандыгы тууралуу бир да отчет -

маалымат кере элекпиз.

2012-жылдын башында Экономикалык енуктуруу жана кызматташуу борбору Кыргызстандын коррупциянын алдын алуу жана аны менен курешууде аткарган иштери боюнча жыйынтык отчетунда елкеде бул багыттагы кемчиликтерин керсетуу менен бирге, ал кемчиликтерди жоюу багытындагы сунуштарын берген.

Анын негизинде Кыргыз Республикасынын Президента 2012-жылдын 2-февралында «Коррупцияга каршы саясатттын мамлекеттик стратегиясы» аталышындагы Указ кабыл алган. Кыргыз Республикасынын 2013-2017-жылдар аралыгында туруктуу енугуусунун улуттук стратегиясында коррупция менен мамлекеттик децгээлде курешуу актуалдаштырылып, анын 2.5. пункту боюнча коррупция теменкулерге жол бергендиги учун Элкенун улуттук коопсуздугу учун реалдуу коркунуч катары белгиленген.

1) экономикалык жана социалдык кайра жаралууларга тоскоолдук жаратат;

2) формалдуу эмес (жашыруун) экономиканын секторун кецейтет, бюджетке салыктардын келип тушуу келемун кыскартат, бюджеттик каражаттарды пайдалануунун натыйжалуулугун темендетвт;

3) экономикалык жана саясий енектештердун алдында елкенун кадыр-баркына доо кетирет, инвестициялардын тартылып келишине тоскоолдук жаратат;

4) жарандардын мулктук тецсиздигин жогорулатат;

5) коомдун ац-сезиминде жарандардын кылмыш алдында да, бийлик екулдерунун алдында да коопсуздугу тууралуу тушунугун калыптандырат;

6) кылмыштуулукту, терроризмди жана экстремизмди «азыктандыруучу» аракет болуп калат;

7) коомдун моралдык - этикалык баалуулуктарынын, улуттук када -салттарынын деградацияланышына алып келет;

8) саясий элитанын, шайлоо процессинин, бийлик органдарынын жана жергиликтуу ез алдынча башкаруу органдарынын, жарандык коом институттарынын ишмердигинин калыптанышына терс таасирин тийгизет [5].

Демек, коррупция мамлекеттин дуйнелук саясий жана экономикалык аренадан орун алышына ез таасирин тийгизет.

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2013-жылдын 12-ноябрында чыгарган «Бийлик органдарында саясий жана системалык коррупциянын себептерин жок кылуу боюнча чаралар женундегу» Указында коррупция белгилери, критерийлери боюнча теменкудей классификацияланган:

• аткарылыш формасы боюнча (саясий, административдик, тиричилик, коропоративдик ж.б.)

• акткарылыш мунезу боюнча (женекейлешкен тартипте иштеп жаткан мыйзамдардын аткарылышы менен байланышкан);

• аткарылыш ыкмасы боюнча (пара алуучу андан акча талап кылат, же ошого жеткирет, мындан сырткары куч колдонот - «коркутуп мажбурлайт») [6].

***Саясий коррупция*** Кыргызстанда ачык жургузулуп калгандыгын турдуу кецештерге болгон шайлоолор, ошол кецештерде кепчулук коалиция тузуудегу, кепчулуктун добушуна ээ болуудагы керунуштер мисал боло алат. Мындан сырткары, сот органдары, ар бир партия «ез адамдарын» керектуу кызматтарга жылдырып, дайындоого жетиши да саясий коррупциянын элементи болуп саналат. Мындай пикирди мамлекеттик жана муниципалдык кызматкерлер да карманарын чет елкелук изилдеечулер да баса белгилешет.

Мамлекеттик жана муниципалдык кызматкерлердин кепчулугу, тактап айтканда, сурамжылоого катышкан респонденттердин ичинен 52,5 %ы партиянын тизмеси аркылдуу кызматка келгендигин айтышкан. Бул фактылар саясий партияда коррупциянын туру бар экендигинен кабар берет[7].

***Административдик коррупция*** - мамлекеттик же мамлекеттик эмес субъектилерге пайда таптыруу максатында аракеттеги мыйзамдарды, эрежелерди жана жоболорду

атайын туура эмес аткаруу болуп саналат. Мисалы, жеке ишкердин чакан дукену учуй салык кызматкерлеринен, ерт коопсуздугу, санитардык-эпидемиялык станция кызматкерлеринен документация боюнча так келишимдерди тузуунун ордуна «суйлешуу» аркылуу акча бере коюп, жасалма документтерди алышы. Мунун езу акырындык менен опузалап, коркутуп акча чогултууга (вымогательство) алып келет. Мындай керунуш мамлекетибиздин кептеген тармактарынан орун алып келе жатканы белгилуу. Анын негизинде, мамлекеттик бюджетке акча тушпей, коррупционерлердин санын кебейтет.

Бизнести енуктуруу боюнча бизнес менен мамлекеттик тузумдун ортосундагы тыгыз аракеттер учурда актуалдуу болуп саналат. Ишкерлердин 20%ы 2013-жылы бизнес ишмердигинин мыйзамсыздыгын жабуу, аларга ишенимдуу адамы (крыша) болуусу учун мамлекет кызматкерине акча бергендигин айтышкан. Бул езгече Бишкек шаарында жана Чуй облусунда катуу енуккен. Сурамжылоого катышкандардын ичинен Бишкектиктер менен Чуйлуктердун 34,6% ы, Талас облусунан 26%ы ушундай кызмат учун акча бергендигин моюнга алышкан.

***Тиричилик боюнча коррупция*** - ар бир уй-буленун турмушунда кездешет. Жашагандыгы тууралуу тил кат алууда, документтерди алууда, жана башка тиричилик учун зарыл болгон иш-аракеттердин бардыгында бюрократизмдин негизинде «акча» беруу аркылуу иш аяктайт. Мындан сырткары, ички иштер кызматкерлерине, дарыгерлерге, жана башка тейлее жаатындагы кызматкерлерге «пара» беруу да тиричилик коррупциясына кирет. Жолдо журууде мамлекеттик автоинспекциясынын айдоочулардан акча алгандыгы жалпы маалымат каражаттарында тынбай чагылдырылып келет.

Чет елкелук «Transparency International» [8] мекемесинин «Коррупциянын глобалдуу барометри» аталышындагы изилдеесу боюнча коррупция Кыргызстандагы эц кейгейлуу маселелердин бири болуп келе жатат. Андагы маалымат боюнча, респонденттердин 68%ы Кыргызстанда бийлик органдары коррупцияга батып, ага карты куреш натыйжа бербегендигин айтып келишет.

Коррупцияга карты курешууге Караганда, коррупциянын алдын алуу маселеси натыйжалуулукту бермек. Экинчиден коррупциянын алдын алуу кейгейлеру боюнча иш-чаралар мерчеми коомчулук менен бирге тузулуусу талапка ылайык.

Кыргызстанда 2015-2017-жылдар аралыгында Коррупцияга каршы туруу боюнча Кыргыз Республикасынын Экметунун иш-чаралар планын иштеп чыгуу боюнча «Коррупцияга каршы ишкер Кецеш» коомдук уюмунан, «Эл аралык ишкер кецеш» бизнес коомчулугунан, Каржы Министрлигинин алдындагы Коомдук Байкоочу Кецешинин мучесу жана Жергиликтуу ез алдынча башкаруу биримдиги коомдук уюумунан екулдерунден турган жумушчу топ тузулуп, коомдук угуулар болуп, иш мебрчем коомдук уюмдарга жана бизнес ассоциацияларга сунушталган деп айтылган. Бирок, чет елкелук мониторинг жургузуучулердун сурамжылоосунда жарандык коом бул мерчем менен тааныш эместигин айткан. Иштин журушунде бул иш- мерчем шашылыш турде тузулгендугу белгиленген [9].

Ошентсе да, акыркы жылдары жарандык коомдун жигердуу кийлигишуусу менен интернет булактарында коррупциялык аракеттерге каршы туруу, алардын алдын алуу боюнча бир топ иштер аткарылып, жарандардын сунуштары Экметтегулерге, дал келген кызматтарга жетип, колдоо тапкан учурлар кездешет. Мисалы, Чехиянын «Лигласс Трейдинг» компаниясынын Жогорку Нарындагы каскад ГЭСти куруу боюнча тендерге катышуусунун алдын алуу. Ушу сыяктуу керунуштерден улам, коррупциянын алдын алуу боюнча иш-чаралар жарандык коомдор менен биргеликте жургузулушу, алардын атайын иш-чараларга тартылышы бул коркунучтун алдын алууга зор жардам берет деген жыйынтык чыгарууга болот.

Жыйынтыгында, республикада коррупциянын еркундешуне себеп болгон фокторлор булар деп айтууга болот: а) коррупциялык аракеттерге аралашкан жарандардын мекенчилдик сезиминин калыптанбагандыгы; б)мамлекеттик кызматкерлердин этиканы

билбегендиги; в) ез кызыкчылыгын мамлекеттик кызыкчылыктан жогору койгондугу; г) мамлекеттик кызматтагылардын фаворитизмди (фавориттерди- жакшы керген адамдарын - камкордукка алып, кызмат учун зарыл болгон жендемге, билимге ээ болбогондугуна карабай, жогорку кызматтарга дайындоо)[10] калтырбагандыгы, д) ачкездук жана кайдыгерлик; е) жумушсуздук.

Негизинде мамлекет теменку кемчиликтерге ээ болуп жатат: а) социалдык тецсиздик жаралып, бай-кедей оппозициясы тамыр жайып бара жатат; б) кадр потенциалынын кесиптик сапаты начарлап, билим беруунун жана кесиптик эмгектин мааниси темендеп жатат; в)коом криминалдашып, чиновниктер менен кылмышкерлердин байланышы кучеп барат; г) уй-буле институту жоголуп, педофилдер кебейуп, ез балдарына карата кылмыш жасагандардын саны есууде; д) экономикалык есуунун реалдуу арымдарынын темендешуне, езунун атаандаштыкка жендемдуулукту жоготууга, ендуруштун бутундей тармактарынын жабылышына себеп болууда; эки башка бухгалтерияга жол ачылып, кемуске экономиканын гулдешуне шарт тузулууде; бюджеттик каражаттар натыйжасыз пайдаланылууда, билим бааланбай, билимдуулер экинчи планда кала берууде, ж.б.

Мына ушул коркунучтардын бардыгы келечекти тооруп турат!

***Пайдаланылган булактардын тизмеси***


1. КРдин Коррупция женунде мыйзамы. 2012, 8-август, №153, 1-берене;
2. Кыргыз Республикасында коррупцияга каршы туруунун Мамлекеттик стратегиясы;
3. Капинсон С. // Кабар сайтына берген интервьюсу. 02.02.2017. //old.kabar.kg;
4. Антикоррупционные реформы в Кыргызстане // Аткарган: Экономикалык кызматташуу жана онуктуруу уюму. Чыгыш Европа жана Борбордук Азия елкелеру учун коррупция менен курошуу боюнча тармак. 3-ий раунд мониторинга Стамбульского плана действий по борьбе против коррупции. - Б., 2015, 67-6.
5. Исследование «Коррупция в Кыргызстане: масштабы, причины и возможности снижения» - Б., 2014. //Аткаруучу CAIConsulting-Б., 2014; 20-бет.
6. Карацыз. Исследование «Коррупция в Кыргызстане: масштабы, причины и возможности снижения» - Б., 2014. //Аткаруучу CAIConsulting-Б., 2014; 24-бет.
7. Исследование «Коррупция в Кыргызстане: масштабы, причины и возможности снижения» - Б., 2014. //Аткаруучу CAIConsulting-Б., 2014; 31-бет.
8. Источник: http://www.transparency.org/research/cpi/
9. Антикоррупционные реформы в Кыргызстане. Экономикалык кызматташуу жана онугуу уюмунун отчету. Чыгыш Европа жана Борбордук Азия елкелеру учун коррупция менен курешуу боюнча тармагы. 2015-жыл.
10. Бабашева Б. Кыргызстанда коррупция - системага салынган коркунуч! //www.knu.kg Публикации ППС. 04.11.2017.